DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Нажимидинова А.Э., Усанова Н.А., Айткулова З.С.*

# КЫРГЫЗ БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУНУН ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮЧҮ ФУНКЦИЯЛАРЫ ЖАНА АЛ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕР ЭЭ БОЛУУЧУ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

*Нажимидинова А.Э., Усанова Н.А., Айткулова З.С.*

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ ФУНКЦИИ КЫРГЫЗСКОГО ДЕТСКОГО ФОЛЬКЛОРА И ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ КОМПЕТЕНЦИИ, ПРИОБРЕТАЕМЫЕ УЧАЩИМИСЯ ЧЕРЕЗ НЕГО

*A. Nazhimidinova, N. Usanova, Z. Aitkulova*

# EDUCATIONAL FUNCTIONS OF KYRGYZ CHILDREN'S FOLKLORE AND ETHNOPEDAGOGICAL COMPETENCIES ACQUIRED BU STUDENTS THROUGH IT

*УДК: 37.378.378.937/398*

*Макалада учурда актуалдуу болуп изилдөөгө алынып жаткан билим берүүдөгү этнопедагогикалык компетенттүүлүк жана аны ишке ашырууда кыргыз балдар фольклорунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. Кыргыз балдар фольклорунун таалим-тарбия берүүчү мазмуну аркылуу студенттер этнопедагогикалык жана этномаданий билим-билгичтиктерге ээ боло алышат. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү улуттук баалуулуктарды сактап калууга жана өнүктүрүүгө өзгөчө таасир кылат. Этномаданий тарбиянын курамын эне тилине жана маданий салттарга үйрөтүү гана эмес, дүйнөлүк маданий дөөлөттөрдү да урматтоо ишмердүүлүгү түзөт. Этнопедагогикалык компетенттүүлүктү калыптандырууда этномаданий компетенциялар педагогикалык ишмердүүлүктүн ийгилигин камсыз кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз балдар фольклору, компетенттүүлүк, этнопедагогика, улуттук баалуулуктар, этномаданий компетенциялар, этнопедагогикалык компетенттүүлүк.*

*В статье рассматривается изучаемая этнопедагогическая компетентность кыргызского детского фольклора в образовании и ее реализации. По средствам образовательного содержания кыргызского детского фольклора учащиеся могуть получить этнопедагогические и этнокультурные знания. Формирование и развитие этнопедагогических компетенций студентов оказывают особое влияние на сохранение и развитие национальных ценностей. Этнокультурное образование включает не только обучение родному языку и культурным традициям, но и уважение к мировым культурным ценностям. Этнокультурные компетенции обеспечиваюћ успех педагогической деятельности в формировании этнопедагогической компетенции.*

***Ключевые слова:*** *кыргызской детский фольклор, компетентность, этнопедагогика, национальные ценности, этнокультурные компетенции, этнопедагогическая компетентность.*

*The article examines the studied ethnopedagogical competence of Kyrgyz children's folklore in education and its implementation. Through the educational content of Kyrgyz children's folklore, students can acquire ethnopedagogical and ethnocultural knowledge. The formation and development of students ethnopedagogical competencies have a particular impact on the preservation and development of national values. Ethnocultural education includes not only teaching the native language and cultural traditions, but also taking care of world cultural values. Ethnocultural competences ensure the success of pedagogical activity in the formation of ethnopedagogical competence.*

***Key words:*** *kyrgyz children's folklore, competence, ethnopedagogy, national values, ethnocultural competence, ethnographis competence.*

Кыргыз фольклору «элибиздин оозеки адабияты өткөн доорлордон калган адабий эстелик эле эмес, экинчиден, эл тарыхын, турмушун, мүдөөлөрүн, өнөр кесиптерин, керемет жандуу сөздүн күчү менен санжыргалап баян калган этнографиялык булак катары да баалуу экендигин, ошондой эле, үчүнчүдөн, элдин эл болуп жаралып жана өнүгүп келгендегине жетишкен, башка элге тааныткан рухий маданиятынын тутунган дөөлөтү да, ошону менен катар, төртүнчүдөн, өзүнөн кийинки муунду улуу муундун тарыхый тажрыйбасында тарбиялоо, дүйнө таанытуу максатын көздөгөн этнопедагогикалык каражаты болгон деген бекем жыйынтыкка келебиз. Мындай деп бир илимий бүтүмгө келүүбүздүн себеби – фольклорубузга болгон окумуштуулардын жекече изилдөөчүлүк көз карашы эмес, анын нукура табиятынын кеңдиги, ар тараптуулугу, мазмунунун синкреттүүлүгү негиз болгондугу түшүнүктүү. Ошентсе да, бул бирдиктүү бүтүм, башынан эле, тээ 20-жылдарда келе калган бирдиктүү бүтүм эмес, анын ар тарабынан изилденип, бүгүнкү күнгө чейинки окумуштуулардын, анын ичинде, фольклорист-филологдордун («адабий эстелик»), этнографтардын, философтордун жана тарыхчылардын («энографиялык булак»), маданияттаануучулардын («маданий дөөлөт») жана этнопедагогдордун («этнопедагогикалык каражат») изилдөөлөрүнүн жана пикирлеринин жыйынтыктуу түрдөгү бирдиктүү бир системага салынышы болду» [1].

Окумуштуунун пикири боюнча бир эле элдин оозеки чыгармачылыгы кийинки илим үчүн:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



– биринчиден, адабий эстелик катары;
– экинчиден, этнопедагогикалык булак катары;
– үчүнчүдөн, маданий булак катары;
– төртүнчүдөн, этнопедагогикалык каражат катары кызмат кылат.

Ал эми ошол төрт функциялуу фольклорду мектепте окутуу менен биз эмнеге жетишебиз:

– биринчиден, ата-бабалардын байыртадан келе жаткан турмушун, жашоосун азыркы муунга ачып беребиз;


– экинчиден, улуу муундун кичүү муунга берген педагогикалык насааттарын, ибарат-сабактарын көрөбүз;

– үчүнчүдөн, элдик тилдин, ой жүгүртүүнүн, көз караштын эң сонун үлгүлөрүн таба алабыз;

– төртүнчүдөн, бул же тигил элдин оозеки чыгармачылыгын, руханий маданиятын башка элдердин оозеки чыгармачылыгы, руханий маданияты менен салыштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ал эми С.Рысбаев кыргыз балдар фольклорунун педагогикалык 5 функциясын белгилеп, анын компоненттерин төмөнкүдөй таблица аркылуу чагылдырат.

Кыргыз балдар фольклорунун педагогикалык функцияларынын негизги компетенттери» [2].




Кыргыз балдар фольклорунун педагогикалык функцияларын туура аныктап алгандан кийин ал аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенцияларды белгилөө милдети турат. Проблеманы тактоо үчүн адегенде «компетенциялар», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызын карап чыккан жөндүү. Компетенттүүлүк бул же тигил тармактагы жеке адамдын, аткаруучунун (биздин изилдөө боюнча ЖОЖдордун педагогикалык факультетинде окуп жаткан студенттин) компетенцияларынын жетишкендик деңгээли. Компетенттүүлүк бул же тигил тармак боюнча билим, тажрыйба жана аларды колдоно билүүгө жетишүү мүмкүнчүлүгүнө өсүп чыгуу. «Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү. Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

«Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандарттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты. Компетенттүү мамиле кылуу бул коом талап кылган билим берүү ишмердүүлүгүнө ылайык таанып билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактиктеринде (М.Н. Скаткин, И.Я. Лернер, В.В. Краевский, Г.П.Шедровицкий, В.В.Давыдов ж.б.) мурда эле көтөрүлүп келген. Мисалы, адабиятты окутууда окуучуларга билим, ык-машыгуу, көндүмдөрдү берүү керек, дал ошол нерсе алардын адабий-теориялык компетенттүүлүгүн негиздейт. Ошондой компетенттүүлүккө ээ болгон мектеп бүтүрүүчсү ар кандай адабий чыгармаларды түшүнүү, талдоо, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгөнө ээ болуп гана калбастан, чыгармадан алган эстетикалык, катарсистик, этикалык байлыктарды жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет» [3].

Дидактардын эмгектеринде компетенция менен компетенттүүлүктү көбү туура эмес ажыратып жүргөнүн белгилешет, компетенция – бул же тигил ишмердүүлүктө умтулган нерсе, компетенттүүлүк (компетентность) – бул багытта жеткен ийгилик деп карашат [4].

Мына ушулардын ичинен этнопедагогикалык компетенциялар кайсылар? «Бардык эле педагогика - бул эң алды менен социалдык этнопедагогика (О.И. Давыдов), демек ал көп маданияттуу (полиэтнической) билим берүү мейкиндигинде жашаган кыргыз студенти, болочок мугалим үчүн этномаданий дөөлөттөрдү түшүнүүгө, барктоого, аларды башкаларга

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жеткирүүгө жетишүү. Этнопедагогикалык компетенцияларга ээ болуу азыркы мугалимдин жалпы адистик компетенцияларга жетүүсүнүн бир багыты. Орус дидакттары «маданий компетенттүүлүк» («культурная компетентность»), «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» («этнопедагогическая компетентность») деген түшүнүктордү маанилеш, же бирибирине жакын карайт. В.А. Николаев «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура») деген түшүнүктү айтып чыгат (1998) [5]. Г.Н.Волков «элдин педагогикалык маданияты» («педагогическая культура народа») деген түшүнүктү киргизет жана буларды бул же тигил элдин педагогикалык маданияттын балдарды тарбиялоо салттары жана аларды азыркы учурда колдонуу менен байланышкан социалдыкпедагогикалык феномен катары карашат (1999) [6]. М.Г. Харитонов «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура») деген түшүнүктү «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» деген термин менен ашташтырып, маанисин бир топ кеңейтет (1999) [7]. Демек, этномаданий тарбиянын курамын эне тилине жана маданий салттарга үйрөтүү гана эмес, дүйнөлүк маданий дөөлөттөрдү да урматтоо ишмердүүлүгү түзөт экен.

Н.Асиповнын пикири боюнча: «Мындай татаал, бирок социалдык жана маданий деңгээлдеги маанилүү ишти алып баруучулардын биринчи катарында, албетте, келечектин ээлерин тарбиялоочу мугалимдер турушу керек. Демек, учурда иштеп жаткан жана келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык жолдорун иштеп чыгуу Кыргызстандагы педагогика илиминин эң маанилүү маселелеринен болуп эсептелет. Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде эң оболу бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактап кеткенибиз оң. Бул эки түшүнүктөрдүн орчундуусу жана Кыргызстандагы таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна, билим берүү жана окутуу технологияларына түздөн-түз таасир этүүчү социалдык жана маданий феномен катары «этномаданият» түшүнүгүнө токтолмокчубуз. «Этномаданият» феномени өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктүн – «этнос – улут» жана «маданиятты» өз ичине камтып турат. Бул эки түшүнүктүн ортосунда кайсы гана коом болбосун анын тарыхый өсүп-өнүгүүсүн шарттап турган кылымдардан бери келе жаткан бirimдик жатат. Себеби бардык коомдук түзүлүштөрдө алардын тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары ар дайым маданият эсептелген. Латынча «маданият» «culture» деген сөз менен берилип, түпкү маанисинде табигый натуралдуу нерсени кайрадан иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирет. Маданиятташтырылгандан кийин пайда болгон нерсе мурдагы табигый абалына караганда алда канча жакшырган, өзгөргөн абалга келип, жаңыча кызмат кыла баштаашы күтүлөт. Руханий маданияттын (илим, билим, тарбия, алеп-ахлак эрежелери, адабият ж.б.) жетишкендиктерин түздөн түз өлчөп же баалоо кыйындыкка турганы менен андай руханий дөөлөттөрсүз коомдук өсүп-өнүгүүнү, өзгөчө жаштарга туура тарбия берүүнү элестетүү кыйын» [8]. Демек, этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр:

- таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна;
- окутуу технологияларына таасир этет, ал социалдык жана маданий феномен ж.б.

Жалпысынан булар этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн көп кырдуулугун, татаалдыгын шарттоочу көрүнүштөр.

Ошентип илимий булактарга негизденип жыйынтыктаганда этнопедагогикалык компетенттүүлүк төмөнкүдөй сапаттарга жетишүүсү:

- интеграцияланган (ар тараптуулуктардын биримдигинен түзүлгөн) сапаты;
- өз элинин өткөн маданиятын түшүнүү, сыйлоо, башкаларга жеткирүүгө даяр туруу сапаты;
- этнопедагогикалык идеяларды жана азыркы педагогикалык теорияларды айкалыштырууну ишке ашырууга жөндөмдүү болуу сапаты;
- көп этникалык чөйрөдө башка маданияттарга толеранттуу мамиле кылуу сапаты ж.б.

Бул сапаттар студенттердин таанып-билүү, руханий-тажрыйбалык татаал процессинде анын инсандыгынын когнитивдик, адептик-эрктик, ишмердүүлүк, эмоционалдык жактары аркылуу калыптанат. Ал калыптануунун деңгээли социалдык, маданий, психологиялык, педагогикалык шарттарга байланыштуу болот. Этнопедагогикалык компетенттүүлүк татаал жекелик-адистик билим берүү болуп, ал адистик теориялык билимдерди, тажрыйбалык ыктарды, машыгууларды, көндүмдөрдү, этномаданий баалуулуктарды жана аларды ишке ашыруунун жолдорун камтыйт.

**Адабияттар:**

1. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 1-китеп. 2-бас. [Текст] / С.К. Рысбаев. – Б., 2014. – 26-б.
2. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. / Жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттери үчүн окуу куралы. – Б., 2019. – 3-бас. – 50-б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557




3. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б., 2013. – 61-62-бб.
4. Равен Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие и реализация – М., 2002.
5. Зимняя И.А. Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования // Высшее образование сегодня, 2003. №5.
6. Хуторской А.В. Практикум по дидактике и современным методикам обучения - СПб.: Питер, 2004. - 541 с.
7. Фрумин И.Д. Компетентностный подход как естественный этап обновления содержания образования. // Проблемы модернизации системы образования для новой экономики России - М.: Препринт WP5/2002/04.
8. Болотов В.А., Сериков В.В. Компетентностная модель: от идеи к образовательной программе // Педагогика, 2003 г. №10.
9. Воровщиков С.Г. Учебно-познавательная компетентность старшеклассников: состав, структура, деятельностный компонент: Монография. – М.: АПК и ППРО, 2006. – 160 с.
10. Николаев В.А. Теория и методика формирования этнопедагогической культуры учителя: дис. ... д-ра пед. наук. - М., 1998. - 408 с.
11. Волков Г.Г. Этнопедагогика. - М.,1999. - С. 168.
12. Харитонов М.Г. Этнопедагогическая подготовка учителя начальных классов национальной школы: монография. - М., 1996. - 226 с.
13. Асипова Н.А. Келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери жөнүндө. Китепте: Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү жана экономикалык байланыш жолдору. Түзгөн Г.Таджиева. – Б.: 2008. – 222-223-б.
14. Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч. Организация и проведение этнопедагогической практики в подготовке педагогических кадров. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 48-51.
15. Алимбеков А. Опыт моделирования учебной дисциплины «кыргызская этнопедагогика» в высших учебных заведениях. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 160-163